**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинин Омуров Нурлан Кубатовичтин "Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)" аттуу темадагы алдын ала коргоо жыйынынын №25.1**

**ПРОТОКОЛУ**

**15-март, 2024-жыл** **Бишкек шаары**

**Катышкандар:**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1. | Панкова Т.В. | пед. илимдеринин доктору | 13.00.01 |
| 2. | Абдыкапарова А.О. | пед. илимдеринин кандидаты | 13.00.01; 13.00.02 |
| 3. | Ажибаева А.С. | пед. илимдеринин доктору | 13.00.01 |
| 4. | Акиева Г.С. | пед. илимдеринин доктору | 13.00.01 |
| 5. | Алимбеков А. | пед. илимдеринин доктору | 13.00.01 |
| 6. | Асипова Н.А. | пед. илимдеринин доктору | 13.00.01 |
| 7. | Джанузаков К.Ч. | пед. илимдеринин кандидаты | 13.00.04 |
| 8. | Зулуев Б.Б. | пед. илимдеринин доктору | 13.00.01 |
| 9. | Иманалиев Т.Т. | пед. илимдеринин кандидаты | 13.00.04 |
| 10. | Калдыбаева А.Т. | пед. илимдеринин доктору | 13.00.01 |
| 11. | Мамытов А.М. | пед. илимдеринин доктору | 13.00.04 |
| 12. | Сартбекова Н.К. | пед. илимдеринин доктору | 13.00.01 |

**Кошумча чакырылган адистер:**

Бектуров Т.М. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Бузурманкулова Ж.А. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Жакыпова З.Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.,

Абдулдаев С.А. – педагогика илимдеринин кандидаты, ага илимий кызматкер.

**Диссертациялык кеңештин отурумунун төрагасы:** педагогика илимдеринин доктору, профессор Калдыбаева А.Т.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы:** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Абдыкапарова А.О.

УАКтын төрайымынын буйругу менен бекитилген диссертациялык кеңештин 15 мүчөсүнөн 12 мүчөсү катышууда, алардын ичинен 8 мүчөсү талкууланып жаткан диссертациянын багыты боюнча илимдин докторлору. Кеңештин жыйынын ачуу сунушу бар.

**КҮН ТАРТИБИ:**

**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинде 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча Омуров Нурлан Кубатовичтин "Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)" аттуу темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин алдын ала коргоо.**

**Диссертациялык иш** С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчи: Калдыбаев Салидин Кадыркулович –** педагогика илимдеринин доктору, профессор, Эл аралык Ала-Тоо университетинин илимий иштер боюнча проректору

**Төрага:** Диссертациянын негизги мазмунун, жоболорун баяндап берүү үчүн сөз изденүүчүгө берилет (Докладдын тексти тиркелет).

**Төрага:** Доклад бүттү. Суроолоруңуздарды бериңиздер. Алгач диссертациялык кеңештин мүчөлөрү берсин, андан кийин калган чакырылган адистер берсе болот. Сөз профессор Алимбековго берилет.

**Алимбеков А. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** Сиз калыптандыруучу экспериментти бир нече жогорку окуу жайларында өткөрүптүрсүз. Эмнени текшердиңиз?

**Изденүүчү:** Иштелип чыккан моделдин эффективдүүлүгүн эксперимент аркылуу текшерүү И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети, М. Адышов атындагы Ош технологиялык университети жана С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетиттеринде жүргүзүлдү. Эксперимент үч этаптан турду. Абалды аныктоочу эксперимент 2018-жылы өткөрүлдү. Мында Кыргызстандын айрым жогорку окуу жайларында билим берүүнүн сапатын башкаруу боюнча аткарылып жаткан иш-аракеттер, аны менен бирге Кыргызстандын айрым аккредитациялык агенттиктери тарабынан жүргүзүлүп жаткан иштер дагы талдоого алынды. Изденүүчү экспериментте төмөнкүдөй милдеттер аткарылды:

Аталган жогорку окуу жайларында окутуунун натыйжаларын иштеп чыгуу жана баалоо инструменттерди иштеп чыгуу боюнча семинар-тренинг уюштурулду. Мында окутуунун натыйжасы түшүнүгү, анын компетенциялар менен, билим берүү программасы менен шайкештиги, аны түзүүнүн өзгөчөлүгү, ага ориентир жасоо менен окутуу процессин уюштуруу, баалоонун технологиялары маселеси каралды. Окуу курстарынын мазмунуна структуралык логикалык анализ жүргүзүп, анын негизинде окуу курсу аяктагандан кийин студенттер аткара турган негизги түшүнүктөрдү – окутуунун натыйжасын аныктап алуу зарыл. Окутуунун натыйжасы чектелүү, жалпыланган түрдө болуусу зарыл деп эсептөө менен Б. Блумдун таксономиясы аркылуу студенттер иштерди аткарып турганду, окуу курсу аяктагандан кийин студент кандай деңгээлге жете алганын аныктаганга жардам берди.

Контролдук эксперимент изденүүчү эксперименттин ар бир окуу жылы боюнча жыйынтыгын чыгарууда өткөрүлүп турду. Бул эксперименттин максаты болуп изденүүчү эксперименттин ар бир окуу жылы боюнча студенттердин окуу жетишкендиктерин салыштыруу аркылуу окутуунун натыйжасынын билим берүүнүн сапатына тийгизген таасирин аныктоо эсептелди. Информатика курсун окутуунун натыйжасын салыштырууда улам кийинки окуу жылы биринчи окуу жылы менен салыштырылды.

**Төрага:** Сөз профессор Сартбекова Нуржан Коодоевнага берилет.

**Сартбекова Н.К. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** Нурлан Кубатович! Сиз изилдөөнүн биринчи милдети катары жогорку окуу жайда билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын өркүндөтүүнүн теориялык жана практикалык абалын изилдөөдө ата мекендик окумуштуулар И.Б. Бекбоев, А.М. Мамытов, Н.А. Асиповалардын эмгектерине кантип анализ жүргүздүңүз?

**Изденүүчү:** Биз бул эмгектердеги ишке ашырылып жаткан сапат менеджметинин системасынын, сапат боюнча кеңештердин сапатты башкаруу процесси жана натыйжасы боюнча тажрыйбаларына анализ жүргүздүк, Кыргызстандын билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасынын иштери, максаттары, милдеттери жана аткаруучу функциялары талдоого алынды.

**Экинчи суроо:** Сиз түзгөн модель буга чейинки түзүлгөн моделдерден эмнеси менен айырмаланат?

**Изденүүчү:** Окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын башкаруунун модели бир нече этаптардан турат: окуу курстарында студенттер өздөштүрө турган негизги түшүнүктөрдү, окуу курсу аяктагандан кийин алар аткара турган деңгээлдүү иш-аракеттерди окутуунун натыйжасын аныктоо жана ага шайкеш келген баалоочу инструменттерди даярдоо; окутуу курсу аяктагандан кийин алынган натыйжалар башкаруу кеңешинде, кафедраларда жана факультеттерде талкуу уюштуруу, билим берүүнүн сапатын жакшыртуу үчүн тиешелүү сунуштарды берүү; окутуунун

натыйжасы аркылуу окутуучунун кесиптик чеберчилигин арттырууга сунуштарды берүү: окутуу технологияларын колдонуу чеберчилигин арттыруу, изилдөөлөрдүн натыйжаларын окутуу процессине колдонуу жөндөмдүүлүгүн арттыруу.

Окутуунун натыйжасы, билим берүүнүн сапатын башкаруу, моделдөө боюнча тиешелүү адабияттарды иликтөө жана тажрыйбаларды жалпылоо бизге, окутуунун натыйжасынын негизинде жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун моделин түзүүгө мүмкүндүк берди Модел 3 блоктон турат: натыйжага жетүү процесси, сапат кеңешинин, сапат менеджменти системасынын ишмердүүлүктөрү. Моделдин ушул блогу эң маанилүү болуп эсептелет. Ушул блок аркылуу билим берүүнүн сапатын башкаруунун багыттары аныкталат. Сессиянын жыйынтыктары кафедрада, факультеттин жана университеттин окумуштуулар кеңешинде талкууланат, тиешелүү сунуштар берилип, чечимдер чыгарылат. Ошону менен бирге, окутуунун натыйжалары жогорку окуу жайынын коллегиялык органынан болгон, жогорку окуу жайларында билим берүүнүн сапатын камсыз кылууга багытталган СМС белгиленген максаттарга жетүү үчүн негиз катары каралат, окутуу процессин уюштуруунун жаңы баскычына өтүү, адистерди даярдоо жана башкаруунун процесси жана натыйжасы боюнча көзөмөлдү жүзөгө ашыруу маселелерин карайт.

Моделде көрсөтүлгөндөй, башкаруу чечимдери билим берүүнүн сапатынын маанилүү компоненттери боюнча иштелип чыгып, сунушталат.

Окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын башкаруунун модели жогорку окуу жайларында билим берүүнүн сапатын гарантиялоого кызмат кылат. Демек, бул модель окутуунун натыйжасын билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катары кызмат кылат.

**Төрага:** Нурлан Кубатбекович, Сиз жогоруда аты аталган окумуштуулардын макалалары менен тааныштым деп жалпы сөз менен эле айтып өттүңүз. Сиз коргоодо ушул проблеманы изилдеген окумуштуу катары

алардын сапат боюнча фундаменталдуу эмгектери менен таанышып чыгыңыз. Дагы кимде суроо бар?

**Төрага:** Сөз профессор Акиева Гульдана Салмоорбековнага берилет.

**Акиева Г.С. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** В практической значимости результатов Вы пишете, что разработанные автором методические рекомендации могут быть использованы в практической работе преподавателей различных типов учебных заведений. Назовите какие это типы учебных заведений?

**Изденүүчү:** Это все типы высших учебных заведений, деятельность которых направлена на результат обучения как средство управления качеством высшего профессионального образования.

**Экинчи суроо.** Изилдөөдө алынган натыйжалардын практикалык мааниси катары окуу дисциплиналары боюнча окутуунун натыйжасын иштеп чыгуунун, анын далилдүүлүгүн аныктоого карата баалоочу инструментарийлерди түзүүнүн методикалык сунуштары иштелип чыкты деп жазып жатасыз. Бул кайсы инструментарийлер, кимдер иштеп чыккан?

**Изденүүчү:** Алынган жыйынтыктар боюнча сапатты жакшыртуунун жана башкаруунун механизмдери профессордук окутуучу курамга, структура жетекчилерине (декандар, кафедра башчылары), сапатты камсыз кылуу бөлүмдөрүнө сунушталып турду; Аталган жогорку окуу жайларында окутуунун натыйжаларын иштеп чыгуу жана баалоо инструменттерди иштеп чыгуу боюнча семинар-тренинг уюштурулду. Мында окутуунун натыйжасы түшүнүгү, анын компетенциялар менен, билим берүү программасы менен шайкештиги, аны түзүүнүн өзгөчөлүгү, ага ориентир жасоо менен окутуу процессин уюштуруу, баалоонун технологиялары маселеси каралды.

Профессордук-окутуучулук курамдын окутуунун натыйжасын иштеп чыгуусу боюнча практикалык иштер уюштурулду, ага ылайык баалоочу инструменттерди түзүүнүн алгоритми сунушталды; өз предметтери боюнча окутуунун натыйжасын иштеп чыгуусуна жана ага ылайык баалоочу

инструменттерди түзүүсүнө байкоо жүргүзүлүп, бул иштерди максаттуу иштеп чыгуусуна көзөмөлдүк кылынып турду.

**Экинчи суроо**. Блумдун алты деңгээлине жараша тапшырмалар берилгенби?

**Изденүүчү:** Окуу курстары боюнча анын мазмунуна структуралык логикалык анализ жүргүзүп, анын негизинде студенттер өздөштүрө турган, окуу курсу аяктагандан кийин алар аткара турган негизги түшүнүктөрдү – окутуунун натыйжасын аныктап алуу зарыл. Окутуунун натыйжасы майдаланып, көп санда болбостон, чектелүү, жалпыланган түрдө болуусу зарыл. Бул түшүнүктөрдү Б. Блумдун таксономиясы аркылуу студенттер эмне иштерди аткара ала тургандыгы теориялык механика курсу боюнча окутуунун натыйжасы жазылып чыкты. Булар аркылуу окуу курсу аяктагандан кийин студент кандай деңгээлге жете алганын аныктадык.

**Төрага:** Сөз профессор Канат Чыныбаевичке берилет.

**Джанузаков К.Ч. – педагогика илимдеринин кандидаты, профессор.** Нурлан Кубатович, Сиз эмнеге ушул теманы тандап алдыңыз?

**Изденүүчү:** Мен 2012-жылдан бери аккредитациялоо, сапатты жакшыртуу проблемасынын тегерегинде иш алып барам. Азыркы учурда, педагогикалык теорияда дагы, жогорку билим берүүнүн практикасында дагы, билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын түзүү жана эффективдүү иштеши боюнча көптөгөн маселелер чечилбеген бойдон калууда. Жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын арттыруу жана билим берүүнүн сапатын башкарууну өнүктүрүү боюнча максаттуу иш-аракеттерди көрүү жогорку окуу жайларынын конкуренттүүлүгүн, дүйнөлүк деңгээлде атаандаштыкка туруктуулугун камсыз кыла алат жана аныкталган деңгээлде жогоруда аталган көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берет. Ошол себептен Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын өркүндөтүү зарылдыгы келип чыкты.

**Экинчи суроо.** Негизги проблема кайсы?

**Изденүүчү:** жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкарууну окутуунун натыйжасы кандай каражаттарды колдонсок жогорулайт деген негизги проблема.

**Үчүнчү суроо.** Ошондо изилдөөнүн жаңылыгы кайсы болуп калат?

**Изденүүчү:** Изилдөөнүн жаңылыгы катары изилдөө проблемасы боюнча илимий адабияттарды талдоонун жана жалпылоонун негизинде «билим берүүнүн сапаты», «билим берүүнүн сапатын башкаруу», «окутуунун натыйжасы» түшүнүктөрүнүн мазмуну такталды; окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун педагогикалык шарттары аныкталганды; окутуунун натыйжасынын негизинде билим берүүнүн сапатын арттыруунун моделдин иштелип чыгышы.

**Төрага: Сөз доцент Абдулдаевге берилет.**

**Абдулдаев С.А. – педагогика илимдеринин кандидаты, ага илимий кызматкер.**

Сиз эмне себептен кесиптик педагогикадан, анын ичинен экспериментте “Теориялык механика”, жана “Информатика” дисциплиналарын тандап алдыңыз?

**Изденүүчү:** Эксперимент учурунда электромеханика, робототехника системасы жана механика факультетинде билим берүүнүн сапатына мониторинг жасалып, инновациялардын эффективдүүлүгү баалоого алынган. Аны менен катар эксперименталдык деңгээлден университеттик комплекстин деңгээлинде бул иш-аракеттерди жайылтуу маселеси көтөрүлгөн. Эксперимент учурунда төмөнкүдөй биз ушул дисциплиналар аркылуу көрсөткүчтөрдү аныктадык аныкталган: окуу-методикалык жана материалдык-техникалык камсыздоолор; студенттердин рейтинг-контролунун жыйынтыктары; бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик аттестациясынын жыйынтыктары; кадрдык курам; студенттердин жана окутуучулардын канааттануулары; бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусу тууралуу маалымат; жумуш берүүчүлөрдүн пикирлери.

Окумуштуулардын эксперименталдык иликтөөлөрүнө болгон анализ биздин изилдөөбүздө дагы экспериментти уюштуруунун механизмин так аныктап алууга мүмкүндүк берди.

**Төрага:** Сөз профессор Т.Т. Иманалиевге берилет.

**Иманалиев Т.Т. – педагогика илимдеринин кандидаты, профессор.** Нурлан Кубатович, Сиз эксперименттен кийин көрсөткүчтөр жогорулады дебедиңизби. Эмненин негизинде жогорулады?

**Изденүүчү:** Биз максаттуу иштерди алып бардык, алардын неггизинде модель түздүк. Иштелип чыккан моделдин эффективдүүлүгү үч этапты камтыган эксперимент аркылуу текшерүүгө алынды, окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын арттыруунун модели апробацияланды жана анын эффективдүүлүгү далилденди. Алынган жыйынтыктар аркылуу жогорку окуу жайларында билим берүүнүн сапатын арттырууга карата тиешелүү сунуштар берилди.

**Төрага:** Сөз доцент Ж.А. Бузурманкуловага берилет.

**Бузурманкулова Ж.А. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент.** Билим берүүнү эл аралык билим берүү мейкиндигине кантип интеграцияланышы мүмкүн?

**Изденүүчү:** Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүсүн эл аралык билим берүү мейкиндигине интеграциялоонун негизги багыты болуп Болон процессине кошулуу аныкталган. Ушуга байланыштуу Европанын жогорку билим берүүсүндө коюлган сапат талаптарына ылайык келүү маселеси маанилүү деп эсептелген. Азыркы учурда Европанын жогорку окуу жайларында сапат системасынын бир нече моделдери ишке ашырылууда. Көпчүлүк документтерде ЖОЖдун сапатты башкаруу системасы деп сапатка карата уюмду жетектөө жана башкаруу үчүн менеджмент системасы, б.а. ЖОЖдун уюштуруу структурасынын жыйындысы, документация (ички жоболор, документтелген жол-жоболордун тартиби, методикалык көрсөтмөлөр, иш нускамалары), жалпы сапатты

башкарууну ишке ашыруу үчүн зарыл болгон процесстер жана ресурстар түшүнүлөт.

**Төрага:** Дагы суроолор барбы? Эгерде суроо жок болсо, мен мындай суроо берейин. Билим сапатын министирлик көзөмөлдөйбү же аккредитациялык агенстволорбу? Билим сапаты билим берүүнү башкарабы же каражат катары кызмат өтөбү?

**Изденүүчү:** Билим берүүнүн жогорку сапатына кепилдик берген жогорку окуу жайы атаандаштыкка жөндөмдүү болот. ЖОЖ ичиндеги билим берүүнүн сапатын камсыздоо системалары болушу жана алар аккредитациялык индикаторлор шайкеш келүүсү зарыл.

"Билим берүүнүн сапаты" жана "сапатты башкаруу" түшүнүктөрү Болон системасына интеграциялануунун алкагында актуалдуу боло баштады. Жогорку кесиптик билим берүүдө сапаттуу кесип ээлерин даярдап чыгуу, алар аркылуу университеттердин конкуренттүүлүгүн камсыз кылуу, мобилдүүлүктү күчөтүү жогорку окуу жайлардын башкы стратегиялык багыттарынан болуп калды. Биринчи аспект катары билим берүү процессинин натыйжасынын сапаты каралат. Мында студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн билим деңгээлинин мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык келүүсү башкы фактор болуп эсептелет. Бул учурда эң маанилүү жыйынтык – бүтүрүүчүлөрдүн билими.

Экинчи аспект – бул, сапатты камсыз кылуу системасы. Мында билим берүүнүн мазмуну, кадрларды даярдоонун деңгээли, маалыматтык-методикалык жана материалдык-техникалык камсыздоо, билим берүү технологиялары, илимий ишмердүүлүк негизги фактор болуп саналат.

Аларга сапатуу окуу материалы, билим берүүнү санариптештирүү, билим берүүнүн мазмунун модернизациялоо, билим берүүнү башкаруу системасын автоматташтыруу, үзгүлтүксүз квалификацияны жогорулатуу, окутуунун натыйжасына мониторинг жүргүзүү кирет. Педагогикалык мониторинг уюштуруу, чогултуу, сактоо, кайра иштетүү жана педагогикалык системанын ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтарды жайылтуу, камсыз

кылуу анын абалына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү жана анын өнүгүшүн болжолдоо жогорку окуу жайларында билим берүүнүн сапатын башкаруунун натыйжалуулугун камсыз кылат. Аккредитациялык агенстволор дагы ушул нерселерди текшерет, өздөрүнүн 10 кишиден турган Кеңеши бар, ошолорго отчет берип турат.

Билим сапаты билим берүүнүнүн сапатын көтөрүүнүн каражат катары кызмат өтөйт.

**Төрага:** Сөз илимий жетекчиге берилет.

**Калдыбаев С.К. – педагогика илимдеринин доктору, профессор** (Илимий жетекчинин пикири тиркелет).

**Төрага:** Эми сөздү эксперттерге берели. Абакир Мамытович, сөз Сизге берилет.

**Мамытов А.М. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** Мен эксперт катары педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунушталып жаткан диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келдим:

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация Д 13.23.662 диссертациялык кеңештин профилине туура келет жана 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы илимий адистиктигинин паспортуна жооп берет. Иштин мазмуну инженердик билим берүү программасынын мисалында окутуунун натыйжасы аркылуу жогорку билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын жакшыртуунун илимий негиздерин иштеп чыгуу, эксперименталдык түрдө текшерүү жана жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүктөрүнө жайылтууга багытталган.

Кызыгуу менен окуп чыгып ар бир бөлүм боюнча мүчүлүштүктөрдү көрсөттүм. Сапат жөнүндөгү маселе окутуу процессинин эң негизги проблема болгондуктан эксперт катары бир нече талаптарды койдум. Алгач биринчи вариантында бул ишти жарабайт деп бүтүм чыгарып изденүүчүгө көптөгөн талаптарды койдум, андан кийин ушул деңгээлге келип токтодук. Дагы дале башкаруу маселесине келгенде оңдойтурган маселелер көп.

Теориялык жагдайларын ачууда мен Жангороз Каниметовдун эмгектерине кайрылып, ошор жерде башкаруу процесси менен байланышкан маселелерди карап чыгууну сунуштайт элем. Берилген суроолорго жооп берип жатканда мен мугалимге коюлган талап өзгөрөт, ал силлабус жазганда буга чейинки колдонуп жаткан эмес бака инструменттерди колдонот, күтүлүүчү натыйжаны эске алат, мазмунуна жаңылыктарды киргизет. Бул чоң ресурс. Блумдун таксономиясы тууралуу көп сөз болду бүгүн. Мен ошол жөнүндө замечание бердим эле, аларды оңдобоптурсуз, ошондуктан кайталанып жатат. Берилген суроолорго так жооп бериңиз. Оку жайлардын типтери кайсылар деген суроого формаларын айтып жатасыз. Окуу жайдын университеттик, институттук типтери болот. Жалпысынан оң пикиримди билдирип, мен бул жумушту алдын ала жактоого сунуштадым.

**Төрага:** Сөз эксперт Асипова Нурбүбү Асаналиевнага берилет.

**Асипова Н.А. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** Мен дагы бул жумушту биринчи окуп чыкканда, Абакир Мамытович айткандай көптөгөн мүчүлүштүктөрдү белгилеп чыктым, алардын көпчүлүгүн оңдоду. Ишти билген адамдар окуп чыккандыгына байланыштуу биздин сын пикирде окшоштуктар байкалат, ал законченемдүү иш. Азыркы абалында бул бир бүтүндүккө келген, системалаштырылган эмгек десек болот. Бирок ошого карабастан көңүл бурууну, жакшыртууну талап кылган жагдайлар бар. Биринчиден теманын аталышы бир макаланын аталышындай болуп турат. Аны баарыңыздар байкадыңар. Билим берүүнүн натыйжасы эмнеде болуш керек? Компетенттүүлүктү калыптандыруу болуш керек болчу. Ал темада болбосо да максатта орун алса болмок. Методологиялык негиздерди, компетенттүүлүктү учкай эле ачыктап койгон.

Компетенттүүлүк – бул окутуунун натыйжасы деген ойду айтыш керек эле. Изилдөөнүн максаты – окутуунун натыйжасы аркылуу жогорку билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын жакшыртуунун илимий негиздерин иштеп чыгуу, эксперименталдык түрдө текшерүү жана жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүктөрүнө жайылтуу – деп турат. Демек, изденүүчү

илимий негиздерин иштеп чыгуунун негизинде кандай законченемдүүлүктөрдү байкады, алардан эмнелер келип чыкты деген нерселерди ачыкташ керек эле. Бул жумушту оңдоо керек, кармап туруунун кереги жок, жумушту бүткөн жумуш деп эсептесек болот. Мен да Абакир Мамытовичтин оюна кошулам. Бул жумушту Сизден жакшы билген киши болбош керек, жоопторуңуз так болбой жатат. Кыска, ток этээр жерин адис катары жооп бериңиз.

**Төрага:** Сөз эксперт Акматали Алимбековго берилет.

**Алимбеков А. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** Акыркы убактагы жогорку окуу жайында стандарттык билим берүү проблемасына арналган диссертациялык иш катары белгилегим келип турат. Белгилүү деңгээлде талаптар аткарылган, изденүүчү айтылган сын-пикирледи оңдоого аракет жасаган, бирок дагы да диссертациянын мазмунун жогорулатуу максатында төмөнкүдөй нерселерди оңдоонусунуштайм. Макала болобу, диссертация болобу эң негизги бөлүк болуп изилдөөнүн методдору эсептелинет. Метод, изилдөөнүн методикасы туура ачыкталбаса изилдөө максатына жетпейт. Мына ушуга байланыштуу бир аз формадуулук көрүнүп турат. Аныктоочу экспериментте кандай методдор колдонулду деген суроого жооп, тилекке каршы канааттандыраарлык болбой калды. Авторефератта да ушундай. Метод изилдөөнү жүргүзгөнгө жол көрсөтөт. Изиддөөнүн жаңылыгында ззилдөө проблемасы боюнча илимий адабияттарды талдоонун жана жалпылоонун негизинде «билим берүүнүн сапаты», «билим берүүнүн сапатын башкаруу», «окутуунун натыйжасы» түшүнүктөрүнүн мазмуну такталды деп чаржайыт жазбастан окутуунун натыйжасы деген түшүнүккө аныктама берилиш керек. Бул изденүүчүнүн күнөөсү эмес, бул жалпы тенденцияга айланды. Окутуунун натыйжасы – бул

Студент тарабынан алынган билимдин натыйжасы, үйрөнүүнүн натыйжасы. Бул ката да эмес, бирок экке алып койсо жакшы болот. Эми айтылган сын-пикирлерди эске алуу менен алдын ала коргоого сунуш бердим.

**Төрага:** Эми кийинки процедура – диссертацияны талкуулоого өтөлү. Сөз профессор Н.К. Сартбековага берилет.

**Сартбекова Н.К. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** Жумуш абдан актуалдуу темада жазылган. Жакшы пикирлер айтылды, кайталоонун кажети жок. Мен резюмеде тема туура эмес которулуп калган деп айтайын дедим. Жумушту колдойм жана жактоого сунуштайм.

**Төрага:** Сөз профессор Канат Чыныбаевичке берилет.

**Джанузаков К.Ч. – педагогика илимдеринин кандидаты, профессор.** Билим берүүнүн сапатын башкаруу дайыма актуалдуу тема болуп келет. Диссертацмялык иште ушул проблеманын чечилип жаткандыгы туура. Мен суроолодун көбүнө канааттандым, көбүнө канааттандыраарлык жооп ала албадым. Бирок чоң аракет бар. Эксперттердин оюна толугу менен кошулам, бирок иштин мазмунун мындан ары жакшыртуу максатында төмөнкү мүчүлүштүктөрдү белгилейм:

1. Изилдөөнүн предмети – окутуунун натыйжасы аркылуу жогорку окуу жайда билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын өркүндөтүү процесси билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын жакшыртууга багытталган уюштуруучулук-педагогикалык шарттарды аныктоо жана теориялык жактан негиздөө деп экинчи милдетте белгиленген, бирок алар тууралуу учкай эле айтылып калган, алар түзүлгон моделде орун алган эмес.

2. Модель иштелип чыккан, бирок ал темага байланышпай калган деген ойду пайда кылат. Изилдөөнүн моделдештирүү методу деген жок, кирбей калган. Сиз түзгөн педагогикалык шарттар сөзсүз түрдө моделде орун алыш керек. Ансыз болбойт. Бул модель инженердик адистикте окуган студенттердин модели катары үлгү болуш керек келечекте.

3. Педагогика илиминин кандидаты болом деп жатасыз. Илимий изилдөөнүн методдоруна тереңирк кайрылыңыз, себеби алар билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын жакшыртууга карата натыйжа берет. Илимий изилдөөнүн методдору педагогика илиминде калыптанып калган. Салыштыруу, анализдөө, жалпылоо деген методдорду чечмелөө керек:

эмнени эмне менен салыштырып, анализдеп, жалпылап жатасыз. Ар бирин ачыктаңыз. Мисалы медагогика илиминдемыкты педагогдун, педагого-новатордун иш-тажрыйбасын анализдеп, системалаштырып андан кийин жалпылаштырат. Корутунду бөлүгүн күчөтүңүз. Сиз туура эмес жазгансыз: жогорку окуу жайларында билим берүүнүн сапатын башкаруу тажрыйбаларына; билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасына анализ жүргүзүлдү, билим берүүнү башкаруу системасын автоматташтыруу; окутуучунун квалификациясын жогорулатуу; окутуунун натыйжасына мониторинг жүргүзүү. Корутундуда анализ жүргүзүлдү, мониторинг жүргүзүү деп жазылбайт. Ошол жүргүзүлгөн анализ, мониторингдин негизинде кайсы натыйжага жеттиңиз? Ошону корутундуралайсыз. Эмненин негизинде инженердик билим берүүдө жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруу жакшыртылды?

Ушуларды эске алсаңыз диссертациялын иштин мазмуну, сапаты жогорулайт деп эсептеймин.

**Төрага:** Сөз профессор Токтобек Тыбыновичке берилет.

**Иманалиев Т.Т. – педагогика илимдеринин кандидаты, профессор.** Мен Канат Чыныбаевичтин оюн улап практикалык сунуштарды оңдоп чыгууну сунуштайм. Конкреттүү, адрестүү кылып жазып чыксаңыз:

1. Окутуунун натыйжасы окутуу процессинде колдонулушу кажет, пайдаланылышы зарыл, байланыштыруу сунушталат деген чаржайыттуулуктар бар.

**Төрага:** Дагы сүйлөй тургандар барбы? Эгерде жок болсо, анда мен жыйынтыктап коёюн. Изилдөө темасынын актуалдуулугунда шек жок. Жогорку окуу жайларында жыйынтыктар аркылуу бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатынын талап кылынган деңгээлин камсыз кылуу зарылдыгы менен бул багытта илимий негизделген иштелмелердин методикалык жактан камсыздалбагандыгы, Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруу системанын жакшыртуу зарылдыгынын актуалдуулугу, теориялык жана практикалык жактан тажрыйбанын жетишсиздиги Нурлан

Кубатбекович тарабынын тандалып алынган тема багыты туура экедигин көрсөтүп турат. Окутуунун сапаты окуу еитептеринин мазмуну менен биринчи ирээтте байланышат. Ар бир окутуучу, мектеп мугалиси сапаттуу билим берүүнү максат кылат. Ал үчүн орто мектептин окуу китептерин түп тамырынан оңдоп чыгуу керек экен, ал орто эсеп менен 120-130 окуу китеби. Алардын жакшыларын, талапка жооп бере тургандарын калтырып, жооп бербегендеринин ордуна жаңы окуу китептери жазылууга тийиш. Бихдин окуу китептердин мазмунунда логикалык суроолор, тапшырмалар, баланы ойлондура турган нерселер жок экен. Себеби алар орус тилинен которгондо мааниси жоголуп кеткен деп жаттышпайбы. Ойлоно турган нерселер көп. Республикалык тесттен жогорку баллды орус класстын окуучулары алат. Ал эми кыргыз класстын окуучулары – бул “Сапаттын”, жеке менчик мектептин эле балдары. Канат Чыныбаевич эң туура айтып жатат. Сиз экинчи милдет катары жогорку окуу жайларында билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын жакшыртууга багытталган уюштуруучулук-педагогикалык шарттарды аныктоо жана теориялык жактан негиздөө деп алгансыз, бирок аларды атап коюп эле, шарттар кантип иштеди, Сизге кандай жардам бергени тууралуу ачыктаган эмессиз. Бул олуттуу ката болуп эсептелинет. Бирок, мен ойлойм, Сиздин оңдогонго убактыңыз бар, Нурлан Кубатович баардык айтылган кемчиликтерди оңдоп чыгат, өзү да жоопкерчиликтүү экен. Сиз Кудайбердиеванын диссертациясын бир карап чыгыңыз, көп Сизге керектүү критерийлерди табасыз.

Илимий жетекчиңиз көзөмөлгө алса оңдолот. Салидин Кадыркулович дайыма сапаттуу диссертанттарды даярдайт.

Эми диссертация боюнча корутунду кабыл алабыз.

**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинин эксперттик**

**комиссиясынын 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Омуров Нурлан Кубатовичтин "Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)" аттуу темадагы диссертациясына карата**

## КОРУТУНДУСУ

**Диссертациялык кеңешке диссертациялык изилдөөлөрдү коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Иште 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинин паспортуна толугу менен дал келет жана окутуунун натыйжасы аркылуу жогорку билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын жакшыртуунун илимий негиздерин иштеп чыгуу, эксперименталдык түрдө текшерүү жана жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүктөрүнө жайылтуу проблемасы аныкталган.

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүү системасынын дүйнөлүк билим берүү системасына интеграцияланышы билим берүүдө инновацияларды максаттуу пайдаланууну шарттайт. Азыркы этапта жогорку кесиптик билим берүү системасы акырындык менен керектөөчүлөрдүн талаптарына сезимтал ыңгайлашуучу, өзүн-өзү уюштуруучу инновациялык системага калыптанууда.

Бирок, Кыргызстандын билим берүү системасы өзүнүн консервативдүүлүгүн сактоо менен, билим берүүнүн илимий, методикалык, дидактикалык потенциалын өнүктүрүүгө жана педагогикалык кадрларды заманбап даярдоодогу инерттүүлүгү менен азырынча заманбап талаптарга жооп бербей келүүдө. Азыркы учурда, педагогикалык теорияда дагы, жогорку билим берүүнүн практикасында дагы, билим берүүнүн сапатын

башкаруу системасын түзүү жана эффективдүү иштеши боюнча көптөгөн маселелер чечилбеген бойдон калууда. Жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын арттыруу жана билим берүүнүн сапатын башкарууну өнүктүрүү боюнча максаттуу иш-аракеттерди көрүү жогорку окуу жайларынын конкуренттүүлүгүн, дүйнөлүк деңгээлде атаандаштыкка туруктуулугун камсыз кыла алат жана аныкталган деңгээлде жогоруда аталган көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берет. Ошол себептен Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын өркүндөтүү зарылдыгы келип чыкты.

Кыргызстандын жогорку окуу жайларында билим берүүнүн сапатын арттыруу жана сапатты башкаруу системасында олуттуу өзгөрүүлөрдү киргизүү аркылуу дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кошулуунун белгилениши менен жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүндө заманбап талаптарына жооп бербеген традициялык ыкмалардын жана мамилелердин калыптанып калышы; заманбап коомдо атаандаштыкка жөндөмдүү бүтүрүүчүлөргө болгон коомдун объективдүү муктаждыгы менен ЖОЖдо билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын натыйжалуу өзгөртүүгө жана өркүндөтүүгө багытталган, илимий негизделген педагогикалык шарттардын жоктугу; жогорку окуу жайларында жыйынтыктар аркылуу бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатынын талап кылынган деңгээлин камсыз кылуу зарылдыгы менен бул багытта илимий негизделген иштелмелердин методикалык жактан камсыздалбагандыгы теманын актуалдуулугун далилдейт.

**Изилдөөнүн максаты** – окутуунун натыйжасы аркылуу жогорку билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын жакшыртуунун илимий негиздерин иштеп чыгуу, эксперименталдык түрдө текшерүү жана жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүктөрүнө жайылтуу.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Жогорку окуу жайда билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын өркүндөтүүнүн теориялык жана практикалык абалын изилдөө.

2. Жогорку окуу жайларында билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын жакшыртууга багытталган уюштуруучулук-педагогикалык шарттарды аныктоо, моделин түзүү жана аны ишке ашыруунун жолдорун изилдөө.

3. Иштелип чыккан моделдин эффективдүүлүгүн эксперимент аркылуу текшерүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Изилдөө проблемасы боюнча илимий адабияттарды талдоонун жана жалпылоонун негизинде «билим берүүнүн сапаты», «билим берүүнүн сапатын башкаруу», «окутуунун натыйжасы» түшүнүктөрүнүн мазмуну такталды; окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун педагогикалык шарттары аныкталды; окутуунун натыйжасынын негизинде билим берүүнүн сапатын арттыруунун модели иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** окуу дисциплиналары боюнча окутуунун натыйжасын иштеп чыгуунун, анын далилдүүлүгүн аныктоого карата баалоочу инструментарийлерди түзүүнүн методикалык сунуштары иштелип чыкты; окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун педагогикалык шарттарын түзүү, моделди ишке ашыруунун жолдорун колдонуу жогорку окуу жайларынын окутуучуларынын ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүгө жардам берет. Автор тарабынан иштелип чыккан методикалык сунуштар ар кандай типтеги окуу жайлардын практикалык иштеринде колдонулушу мүмкүн.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Изилденүүчү проблема боюнча илимий адабияттарды талдоо, түшүнүктөрдүн маңызын тактоо, изилдөөдө педагогикалык шарттарды, билим берүүнүн сапатын башкаруунун моделин түзүү, моделдин эффективдүүлүгүн баалоо иш-аракеттери изденүүчүнүн жеке өзү тарабынан жүзөгө ашырылган.

**Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышы**. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын талаптарына ылайык диссертант тарабынан 12 илимий макала жарыяланган. Анын ичинде

РИНЦ талабына жооп берген 4 илимий макала жарыяланган. Алардын айрымдары:

1. Кредитная технология обучения в Нарынском государственном университете. Болонский процесс и проблемы обеспечения качества высшего гуманитарного образования. – 2006. – С. 214-220.

2. Анализ нормативных документов и исследований по подготовке к профессии будущих учителей в рамках компетентностного подхода // Вестник Нарынского государственного университета им. С. Нааматова. – Нарын, 2016. – №2. – С. 81-85. https://elibrary.ru/item.asp?id=27669797

3. Модель университета будущего Кыргызской Республики // Драйверы развития общего и профессионального образования. Материалы Всероссийской научно-практической конференции с международным участием. – Павлово 2021. – С. 308-312. https://elibrary.ru/download/elibrary_49188627_73644845.pdf

4. Развитие TQM системы управления качеством // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2022. – №10. – С. 270-273. https://elibrary.ru/download/elibrary_52691454_17209451.pdf

5. Сапатты башкаруу теориясынын калыптанышы жана өнүгүшү // Alatoo Academic Studies. – 2022. – №4. – С. 101-109. https://elibrary.ru/download/elibrary_50277614_14251382.pdf

6. Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун учурдагы абалы // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2023. – № 5. – С. 274-278.

**Диссертациялык иштин структурасы.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч бөлүмдөн, бөлүмдөрдүн корутундуларынан, жалпы жыйынтыктан жана тиркемелерден турат. Библиографияда 163 булак адабияттарды камтыйт.

**10. Автореферattтын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Изденүүчү Омуров Нурлан Кубатовичтин “Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты

катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)”аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши бардык компоненттери боюнча автореферattын мазмунуна негизинен дал келет. Автореферattын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

**13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын алдын ала коргоо боюнча Д 13.23.662 диссертациялык кеңеши Омуров Нурлан Кубатовичтин “Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)” аттуу диссертациялык иши боюнча суроолорго берген жоопторун жана жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин угуп, талкуулап, төмөнкүдөй**

**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:**

1. Педагогика илимдери боюнча И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы докторлук (кандидиттык) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинин Омуров Нурлан Кубатовичтин “Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)” деген темадагы кандидаттык диссертациясы боюнча бүтүмү бекитилсин.

2. Омуров Нурлан Кубатовичтин “Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)”аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы КР УАКтын Жобосунун 9,11 пунктуна толугу менен жооп берет деп эсептелсин жана ачык коргоого сунуш кылынсын.

3. Жетектөөчү мекеме катарында К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасы бекитилсин; биринчи официалдуу оппонент катары педагогика илимдеринин доктору, профессор Мамытов А.Ж.; экинчи официалдуу оппонент катары педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Абдыбекова Н.А. дайындалсын.

**Төрага:** Чечимди кабыл алуу боюнча добуш берүүңүздөрдү суранам: Ким «Макул»? Бардыгы «Макул», «Каршы», «Калыс» – жок. Чечим бир добуштан кабыл алынды.

Кеңештин жыйынынын отурумун жабык деп жарыялайм.

**Диссертациялык кеңештин төрагасынын м.а.,**
**педагогика илимдеринин доктору, профессор** Калдыбаева А.Т.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** Абдыкапарова А.О.

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн **Омуров Нурлан Кубатовичтин** диссертациясын алдын-ала коргоо боюнча
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 13.23.662 диссертациялык кеңештин мүчөлөрүнүн 2024-жылдын 15-мартындагы (№25.1 токтому) диссертациялык кеңештин жыйынына

**КЕЛҮҮ БАРАГЫ**

| № | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Окумуштуулук даражасы, адистиктин шифры | Жыйынга келгендиги (колу) |
|---|---|---|---|
| 1. | Дюшеева Назира Кубанычбековна (төрайым) | п.и.д., 13.00.01 | келген жок |
| 2. | Панкова Татьяна Витальевна (төрайымдын орун басары) | п.и.д., 13.00.01 | |
| 3. | Абдыкапарова Айгуль Осмонкуловна (окумуштуу катчы) | п.и.к., 13.00.01 | |
| 4. | Ажибаева Айнура Жакшымбековна | п.и.д., 13.00.01 | онлайн |
| 5. | Акиева Гудьдана Салмоорбековна | п.и.д., 13.00.01 | |
| 6. | Алимбеков Акматали | п.и.д., 13.00.01 | |
| 7. | Андрущишин Иосиф Францевич | п.и.д., 13.00.04 | келген жок |
| 8. | Асипова Нурбүбү Асаналиевна | п.и.д., 13.00.01 | |
| 9. | Джанузаков Канат Чыныбаевич | п.и.к., 13.00.04 | |
| 10. | Зулуев Бекмырза Бекболотович | п.и.д., 13.00.01 | онлайн |
| 11. | Иманалиев Токтобек Тыбынович | п.и.к., 13.00.04 | |
| 12. | Калдыбаева Айчүрөк Токтополотовна | п.и.д., 13.00.01 | |
| 13. | Макагонов Александр Николаевич | п.и.д., 13.00.04 | келген жок |
| 14. | Мамытов Абакир Мамытович | п.и.д., 13.00.04 | |
| 15. | Сартбекова Нуржан Коодоевна | п.и.д., 13.00.01 | |
| | **Кошумча чакырылган адистер** | | |
| | Абдылдаев Дамир Азизович | п.и.к. 13.00.01 | |
| | [illegible] | п.и.к. 13.00.01 | |
| | [illegible] | п.и.к. 13.00.01 | |
| | Жакыпова [illegible] Жакыповна | п.и.к. 13.00.01 | |
| | | | |
| | | | |

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Абдыкапарова А.О.**

*Диссертациялык кеңештин мүчөлөрүнүн колун тастыктайм: диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, п.и.к., доц.* Абдыкапарова А.О.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ